| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ<br>ЫЛАЙ-ТАЛАА<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЫЛАЙ-ТАЛИНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

VIII чакырылышындагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги I сессиясынын жыйынынын

# ТОКТОМУ

2025-жылдын 5 - февралы, № 1/2 Ылай-Талаа айылы.

## Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтү тарабынан көрсөтүлүүчү муниципалдык кызматтардын реестри жөнүндө

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү" Мыйзамынын 34-беренесине ылайык Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтү тарабынан көрсөтүлүүчү муниципалдык кызматтардын реестри жөнүндө маалыматты, Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин мыйзамдуулук боюнча туруктуу комиссиясынын жыйналышынын берген сунушун угуп жана талкуулап Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңеши **токтом кылат:**

1. Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтү тарабынан көрсөтүлүүчү муниципалдык кызматтардын реестри тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Калкка көрсөтүлүүчү муниципалдык кызматтарды бекитилген реестр боюнча ишке ашыруу жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Б.Эргешбаевге милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин мыйзамдуулук, укук тартиби, маданият, билим берүү, саламаттыкты сактоо, кеңештердин иштери, депутаттык этика, коомдук уюмдардын, саясий партиялардын жана дин иштери боюнча туруктуу комиссиясына (төрагасы О.Абдимажит уулу) тапшырылсын.

Тиркеме тиркелет.

**Төрага** **А.Мойдунов**

Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин
05.02.2025-жылдагы № 1/2 токтомуна тиркеме

**Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтү тарабынан көрсөтүлүүчү муниципалдык кызматтардын реестри**

| № | Муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн аталышы | Муниципалдык кызмат көрсөтүүнү стандартташтырууга жоопту ыйгарым укуктуу орган | Кызматтарды көрсөтүүчү муниципалдык мекемелер | Муниципалдык кызмат |
|---|---|---|---|---|
| 1 | (КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-ноябрындагы №632 токтомдоруна ылайык күчүн жоготту) | | | |
| 2 | (КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-ноябрындагы №632 токтомдоруна ылайык күчүн жоготту | | | |
| 3 | Бодо малдын болушу жөнүндө маалымкат берүү | ЭКМ | Ылай-Талаа айыл өкмөтү | акысыз |
| 4 | Майда жандыктын болушу жөнүндө маалымкат берүү | ЭКМ | Ылай-Талаа айыл өкмөтү | акысыз |
| 5 | Ылай-Талаа айыл өкмөтүндө салык төлөмдөрүнөн карызы жоктугу тууралуу маалымкат берүү | ЭКМ | Ылай-Талаа айыл өкмөтү | акысыз |
| 6 | Турак жай шарттарын жакшыртууга муктаж жарандарды эсепке алуу | ЭКМ | Ылай-Талаа айыл өкмөтү | акысыз |
| 7 | Кыргыз Республикасынын жарандарына муниципалдык менчикте турган турак жайды менчикке берүү жөнүндөже берүүдөн баш тартуу жөнүндө чечимдерди берүү | ЭКМ | Ылай-Талаа айыл өкмөтү | акысыз |
| 8 | Жеке жана юридикалык жактарга муниципалдык менчикте турган турак жайды мөөнөттүү пайдаланууга берүү жөнүндө же берүүдөн баш тартуу жөнүндө чечимдерди берүү | ЭКМ | Ылай-Талаа айыл өкмөтү | Акысыз |
| 9 | Жарандардын жеке турак жай курулушуна жер участогун бөлүп берүүгө муктаж катары кезекке коюу жөнүндө же жарандарды кезекке коюудан баш тартуу жөнүндө чечимдерди | ЭКМ | Ылай-Талаа айыл өкмөтү | Акысыз |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | берүү | | | |
| 9 | Жеке турак жай курулушуна жер участогун берүү жөнүндө чечимдерди берүү же берүүдөн баш тартуу | ЭКМ | Ылай-Талаа айыл өкмөтү | акысыз |
| 10 | Жеке жана/же юридикалык жактарга муниципалдык менчикте турган жер участокторун менчикке, мөөнөттүү же мөөнөтсүз пайдаланууга берүү же берүүдөн баш тартуу жөнүндө чечимдерди берүү | ЭКМ | Ылай-Талаа айыл өкмөтү | акысыз |
| 11 | Жеке жана юридикалык жактарга муниципалдык менчикте турган турак эмес жайларды жана кыймылсыз мүлк обьектилерин берүү ( менчиктештирүү жолу менен) жөнүндө же берүүдөн баш тартуу жөнүндө чечимдерди берүү | ЭКМ | Ылай-Талаа айыл өкмөтү | акысыз |
| 12 | Жеке жана юридикалык жактарга муниципалдык менчикте турган турак эмес жайларды жана кыймылсыз мүлк обьектилерин убактылуу пайдануууга (ижарага) берүү же берүүдөн баш тартуу тууралуу чечимдерди берүү жөнүндө | ЭКМ | Ылай-Талаа айыл өкмөтү | акысыз |
| 13 | Таза суу менен камсыз кылуу | | Ылай-Талаа Таза суу-Тазалык” муниципалдык ишканасы | Акы алуу менен |
| 14 | Катуу таштандылардын калдыктарын чыгаруу | | “Ылай-Талаа Таза суу-Тазалык” муниципалдык ишканасы | Акы алуу менен |
| | | | | |

**Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин жооптуу катчысы** **С.Осмоналиев**